Айдыңы арткан – "Алтынкен"

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,
"Кыргыз Туусу"



# Жаңы жыл алдындагы чоң кайрымдуулук

**Жыл соңуна жакын жаңы жылдык майрамдардын алдында «Алтынкен» компаниясы салтка айланган кайрымдуулук акциясын өткөрдү.**

Бул иш-чара мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга арналган бир айлыктын жыйынтыгы болду. Акциянын алкагында Кемин районундагы 112ден ашык социалдык жактан аялуу үй-бүлөлөргө жана «Алтынкен» компаниясынын 20 кызматкеринин үй-бүлөсүнө көмүр, 50 кг ун, 10 литр күн карама майы жана беш миң сомдон акчалай жардам көрсөтүлдү.

«Алтынкендин» жыйырма кызматкеринин тизмесин түзүүдө алардын үй-бүлөлүк жагдайлары жана ишке ак ниет мамилеси эске алынган", – деп билдирди компаниянын басма сөз кызматы.

«Алтынкен» компаниясы кайрымдуулук акциясын Орловка шаарынан баштап, жардамды бөлүштүрүүнү Кемин районунун айыл аймактарында жүргүздү.

Компаниянын кеңсесинин алдындагы жардамды бөлүштүрүүнү баштоо аземинин расмий бөлүгүнө "Цзы Цзинь" тоо-кен өнөр жай корпорациясынын туруктуу башкы директору Ляо Цзяньшэн баштаган кураторлор, «Алтынкен» компаниясынын Башкармалыгынын төрагасы Вэнь Яфен жетектеген жетекчилиги катышты.



Иш-чара Кемин райондук администрациясынын өкүлдөрү, социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы Канат уулу Дастан, Орловка шаарынын мэри Бактыбек Чанчаров, Алмалуу айыл өкмөтүнүн башчысы Улан Шакиров жана жергиликтүү калктын катышуусунда өттү.

«Цзы Цзинь» тоо-кен өнөр жай корпорациясынын жана «Алтынкен» компаниясынын өкүлдөрү чакырылган жарандарды келе жаткан жаңы жылдык майрамдары менен куттуктап, калкка жана жергиликтүү бийликке компанияга көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазычылык билдирип, мындан ары да жергиликтүү калкка камкордук жана жардам көрсөтүүнү убадалашты.

Өз кезегинде Кемин райондук мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү жалпы алтынкендиктерге салтка айланган кайрымдуулук акциялары жана калктын колдоосу үчүн ыраазычылык билдиришти.

Калкка материалдык жана а
түлүк жагынан жардам көрсөтүү аб
ыңгайлуу болуп калды, бул тууралу
гежээл деген диагноз менен жапа ч
келген Канымбүбү Досова айтып бе

– Жалгыз жашайм, иштебейм,
сайын "Алтынкен" мени унутпайт. Ж
жылдын алдында бул жардам мен
чоң белек сыяктуу. Мен эле эмес,
мин районунда турмуштун кыйынчы
гынан жапа чеккендерге жана кату
ругандарга, кырсыктагандарга жа
дан жардам беришет.

Компания түзүлгөндөн бери ар
майрамды кур койбой, жакындан жар
берип келишет. Ошондуктан, мен
тынкен" компаниясынын гүлдөп өсү
салым кошкондордун баарына ыра
чылык билдирип, ден соолук, ийги
терди каалайм, – деп баса белгиледи

Кемин районунун дагы бир тур
Наталья Андрюшко «Алтынкен»
паниясынын өкүлдөрүнө ыраазы





лык билдирип, бардыгына чың ден соолук каалады.

– Кемин районунда ушул компаниянын бар болгонуна шүгүр кылам. Майрамдарда азык-түлүктөн сырткары акчалай жардам, кышкыга көмүр түшүрүп беришет. Эгерде башка аймактарда ушундай компаниялар болсо, элдин жашоосу өтө жакшы болмок деп ойлойм. Мен «Алтынкен» компаниясына жана жооптуу кызматкерлерине ыраазычылык билдирем. Ушул мүмкүнчүлүгүмдөн пайдаланып айткым келет, 2024-жыл «Алтынкен» компаниясы үчүн ийгиликтердин жылы болсун, мамлекетибизде тынчтык, элибизде ынтымак, токчулуктун жылы болсун, – деди кубанычын жашыра албаган Наталья Андрюшко.

«Алтынкен» компаниясынын өкүлдөрү айыл округдарына жардам жеткирип, аз камсыз болгон жана мүмкүнчүлү-гү чектелген үй-бүлөлөргө азык-түлүк жана материалдык жардам көрсөтүү менен элдин ыраазычылыгына ээ болушту.

Жыйынтыгында, «Алтынкен» компаниясынын жаңы жылдык кайрымдуулук акциясынан 125 жаран жардам алып, баары компаниянын өкүлдөрүнө ыраазычылык билдирип, анын гүлдөп өнүгүүсүн каалашты.



# «Алтынкен» компаниясынын акциясы







